*УДК 43-1*
*DOI: 10.35254/bhu.2019.47.31*

***Чомокеева К.У.*** *И. Арабаев атындагы КМУнун ага окутуучусу*

# АНГЛИС ТИЛИНДЕГИ СЕМАНТИКО-СИНТАКСИСТИК КЛАССИФИКАЦИЯДАГЫ ТАНУУ СӨЗ АЙКАШЫ

# СЕМАНТИКО-СИНТАКСИЧЕСКАЯ КЛАССИФИКАЦИЯ ОТРИЦАНИЯ В АНГЛИЙСКОМ ЯЗЫКЕ

# THE SEMANTIC - SYNTACTIC CLASSIFICATION OF NEGATION IN ENGLISH

***Аннотация:*** *Бул макалада лингвистикада тануу өз алдынча көп эмес маселелердин бирин түзөт. Ага болгон кызыгуу убакыттын өтүшү менен басаңдабастан, тескерисинче, аны изилдөө ыкмасынын өсүшү, лингвистика илиминин өнүгүшү менен кошо өнүгүүдө. Буга түшүндүрмөнү ал маселенин масштабдуулугунан көрсөк болот. Ошондой эле анын көп түрдүүлүгү өз учурунда жер шарындагы бардык тилдердин байланыштуу түрлөрүн чагылдырган. Ар тилде өз ыкмалары бар. Алар өз ара биригишип жана сиңишип келүүдө. Макалада англис тилиндеги семантико-синтаксистик классификциядагы тануу сөз айкашы каралган. Тануу бул көп кырдуу көрүнүш. Аны айырмалоо жана чечмелөө үчүн тануунун типтерине кенен токтолуу керек. Классификациялоодогу ыкмалар анализденген. Семантико-синтаксистик классификциядагы тануу сөз айкашынын түрлөрү изилденген.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *Лингвистика, тануу сөз айкашы, семантико-синтаксистик классификция.*

***Аннотация:*** *Проблема отрицания в лингвистике представляет собой одну из тех немногих языковых проблем, интерес к которой не только не ослабевает со временем, но, напротив, неуклонно растет по мере развития лингвистической науки и совершенствования методов ее исследования. Объяснение этому можно найти в масштабности данной проблемы, в ее многоплановости и многоаспектности, в свою очередь, обусловленных многообразием форм проявления в различных языках планеты, а также наличием разных средств его выражения в одном, отдельно взятом языке, их постоянным взаимодействием и взаимопроникновением. В статье рассмотрена классификация отрицания в английском языке. Отрицание - явление многоплановое, и чтобы попробовать отличить его, разобраться, нужно подробно остановиться на типах отрицания. Был проведен анализ методики классификаций. Также рассмотрены виды отрицаний в английском языке.*

***Ключевые слова:*** *Лингвистика, отрицание, семантико-синтаксическая классификация.*

***Annotation:*** *The problem of negation in linguistics is one of those few language problems, the interest in which not only does not weaken over time, but, on the contrary, is steadily increasing as linguistic science develops and its research methods are improved. The explanation for this can be found in the scale of this problem, in its multiplicity and diversity, in turn, due to the variety of manifestations in various languages of the planet, as well as the presence of different means of expressing it in one single language, their constant interaction and interpenetration. The article discusses the classification of negation in the English language. Denial is a multifaceted phenomenon, and in order to try to distinguish it, to understand it, you need to elaborate on the types of denial. An analysis of the classification methodology was carried out. Also considered types of negatives in the English language.*

***Keywords:*** *Linguistics, negation, semantic-syntactic classification.*

Тануу сөз айкашы сүйлөмгө көлөкө берет. Ошону менен ал оң мазмунунун аныктыгынын карама-каршылыгын белгилейт. Тануу сөз айкашы жана анын тилдик системага болгон таасирин изилдөө, маселесинин бул жагы натыйжасында абдан маанилүү.

Лингвистикада тануу өз алдынча көп эмес маселелердин бирин түзөт. Ага болгон кызыгуу убакыттын өтүшү менен басандабастан, тескерисинче, аны изилдөө ыкмасынын өсүшү, лингвистика илиминин өнүгүшү менен кошо өнүгүүдө. Буга түшүндүрмөнү ал маселенин масштабдуулугунан көрсөк болот. Ошондой эле анын көп түрдүүлүгү өз учурунда жер шарындагы бардык тилдердин байланыштуу түрлөрүн чагылдырган. Ар тилде өз ыкмалары бар. Алар өз ара биригишип жана сиңишип келүүдө [1; 72-75-б].

Тануу бул көп кырдуу көрүнүш. Аны айырмалоо жана чечмелөө үчүн тануунун типтерине кенен токтолуу керек. Семантико-синтаксистик тип алгач кандай семантико-синтаксистик бирдикке карайт экендигине карап өзгөрөт. Ушундан улам тануунун ар кандай типтери туура жана терс маанилеринин өз ара байланышы жана тануунун модалдуулугу жөнүндө суроо келип чыгат [2; 41-45-б]. Кийинки семантико-синтаксистик классификация орун алган:

1.Терс сөзү-сүйлөм.

2.Фразалык тануу кийинки майда бөлүктөргө бөлүнөт:

а) жалпы фразалык тануу,

б) жеке фразалык оозеки тануу.

1. Терс сөзү-сүйлөм-бул тануу эч кандай синтаксисттик да, интонациялык да жактан башка сөздөр менен байланышта болбогон сүйлөм. Жогоруда белгиленген сүйлөм же сүйлөмдөр менен бул маселелердин бөлөк түшүнүк экендигин билдирет. Ал көбүнчө терс модалдык “no”, азыраак учурда “ney”- азыркы англис тилинде архаикалык болуп саналат.

Where did you get this car, from your brother? - said Nick. No replied the other. I had stolen it.

2.Фразалык тануу - бул сүйлөмдөгү маанини бөлө турган тануу. Бул жеке фразалык тануу.

Жалпы фразалык тануу - түшүнүк жана сүйлөм болуп экиге бөлүнөт. Бул: а) ээни тануу: No man was bom without freedom, not a single was heard, б) баяндоочту тануу: I don’t know who the hell. I’m. c) толуктоону тануу: I anticipated no overflavings of fenderness д)терс байланыш: ask him, lest he go away [3; 29-31-б].

Басымдуу көбүнчө учурда жалпы фразалык тануу ээнин кыймыл аракетин же акыбалын билдирүүчү баяндоочто кездешет. Жеке фразалык тануу сүйлөмдүн майда мүчөлөрүнүн бири тарабынан белгилердин жоктугун билдирет. Жеке фразалык тануунү сүйлөмдүн баш мүчөлөрү менен белгиленген түшүнүктөрдүн биргелетүү же бөлүштүрүүгө тиешеси жок. Мисалы: Жеке татаал тануунун мүнөздүү өзгөчөлүгү бул англис тилинде фразалык тануунун жалпы фразалык тенденциянын жайылышында. Бул баш орду орус тилинде өзгөчө бул түрү боюнча долбоорлорду которууда эске алынышы керек. Мисалы: All is not gold that glitters = Жаркырагандын баары эле алтын эмес. Албетте, тануунун семантико-синтаксисттик бөлүгү бири – биринен опол тоодой тоскоолдуктар менен бөлүнбөйт. Алар бири-бири менен чектөөгө мүмкүн эмес деңгээлде байланышта. Тануу контекстте айтып берүүдөгү мазмунунда эң негизги роль ойнойт. Маанинин түрүн тануусун көрсөтүү практикалык жүзөдө эч кандай мүмкүн эмес [4; 321-б].

Бул жерде кийинки суроону карап жана изилдөө керек. Сүйлөмдүн түрлөрүндө тануунү колдонуу кандай мааниге ээ.

Тануу болушу мүмкүн:

а) ээде биринчи

1.Not a single shot was beard

2.Nothing can stop me, even you!

б) баяндоочто

1.I don’t like you .

2.I’m not fond of playing chess.

Этиште терс форманы бере турган эки ыкмасы бар: Биринчи ыкма: Саны жагына өтө көп эмес, “өзгөчө” деп аталган этиштин топторун аныктоо. Палмер аларды “anomalous” деп атаган. Бул топ not бөлүкчөнүн жардамы менен жагымсыз терс форманы пайда кылат.

Англис тилинде 24 өздүк этиш формалары бар. Алар өз мыйзамына баш ийишет. Бул жакка кийинки кеңири жайылган этиштер кирет: to hare, to be, модалдык этиштер: can, must, may, need, dare, used, ought (он бир форма); этиштер: to do (3 формага ээ болгон), ошондой эле модалдык этиштер: shall will (экинчи форма боюнча). Экинчи ыкма: бардык жогоруда белгиленген 24 этиштин формасынан сырткаркыларда этиштин терс формасы do (does) + not кошулуусунан түзүлөт. (Past Indefinite Tense did + not) [5; 65-70-б]..

Ачык айрым көрсөтө турган тануунун принцибинин схемасы:

1.NP + Special X-NP Special Not X.

That is true – That is not true. She hasn’t swum away. – She has swam away.

2. NP – Special X = NP do (does) not X.

I like you -1 do not like you. She goes there. She does not go there.

Specials бар сүйлөмдө not тануусу кошулат. Бир нече жөнөкөй сүйлөмдөрдөн турган татаал сүйлөмдү карап чыгуу кызыктуу болмок.

He didn’t tell us that he felt ill (тануунун биринчи сүйлөмү). He has gone away saying that he will not return in an hour (бул тануунун экинчи сүйлөмү). (кошумча тануу) .

Этиштерди кошо турган тануу өзгөчө көңүлдү талап кылат. Тануунун чеги өзүнө жардамчы этиштерди камтышы дагы, камтыбашы да мүмкүн. Тануудагы кошумча этиштери жана негизги этиштери айырмалай билүү керек. Өзгөчө азыркы учурда грамматикалык справочниктерди тануунун саны жөнүндө суроо курч турат. Бир жолку баш тартуу тууралуу айкын ойлор айтылып тастыкталып турат. Бардык лингвисттер сүйлөшүп алышкансып, кош тануу бири-бирин жокко чыгарып, жыйынтыгында билдирүү болуп калат деп билдиришет. Башкача айтканда, кош тануу жакшы өкүм чагылдырган оң жагдайды билдирүүнүн эквиваленти [6; 37-43-б.].

Кош тануу терс манини жокко чыгарганы менен жалпы жонунан өз маанисинде жөнөкөй тастыктоого эч окшошпойт. Кош тануу оң маанинин көлөмүн, мүнөзүн, көлөмүн кичирейтип, мүнөздөөнүн 100 пайызын жоготот. Мисалы; not unlikely, likely (мүмкүн). Кош тануу көп кездешкени менен атайы түзүлгөн

грамматикалык аныктама ар дайым эле так таасир эте бербейт. [7, 47-52-б.]

Которуунун эки түрү кездешет: 1. Күчөткөн түрүндө. Биз ал жерге өз убагында жетебиз, эгер унаа жалдасак. 2. Эгер унаа жалдабасак, биз ал жерге өз убагында жетпейбиз.

Айзенштаттын айтуусу боюнча татаал сүйлөмдөр ар бир ага кирген сүйлөмдөрдөн улам озүнчө фразалык (тексттик) танууга ээ болушат. Сүйлөмдүн маанисин күчөтүү максатында, тануунү камтыган сүйлөмдөр жалпы фразалык кош тануу менен байланышта. Азыркы англис тилинде предикативдүү комплексте бир гана тануу кездешет. Ээ – баяндооч - толуктооч, башкача айтканда, сөз бир жолку жалпы фразалык тануу жөнүндө болуп жатат. Ал эми калган тануу кайталана бериши мүмкүн. Андан сырткары белгилей кетчү нерсе, сүйлөмдө эки ээнин же эки баяндоочтун кездешүүсү кош тануунун болуусуна алып келет. Бирок, мындай ой толук болбоосу мүмкүн. Анткени, сөздүк тануу деген түшүнүк да кездешет. Башкача айтканда, англис тилиндеги жөнөкөйлүүлүк. Nobody, me myself and I. Rocky's mob, got me. Hanging around, nothing. Start working right now. [8, 19-23-б.].

Тануунун элементтеринин жана nothing терс ат атоочунун негизинде түзүлгөн сөздүк кыска жооптор илимий-техникалык тексттерде кош тануу өзгөчө кызыгуу туудурат. Not терс бөлүкчөсүнөн жана терс аффиксинен турган аттык тануу көп колдонулат. Мындай тануу тануунун стилин жакшыртат. Мисалы: Not only it is - uneatable, but also digestible. Тануу өзүнчө мааниге ээ жана маанилик жактан префиксалдык тануута таандык курама сүйлөм катары берилген. There is nothing unnatural about- табийгый. Илимий адабияттагы кош тануу. Nothing, but, not without, cannot but, deny, cannot but. It was not for nothing - жөн жерден эмес деп которулат. Түзүлүшүндө not (no)-бекеринен эмес - терс приставка+ сын атооч+ тактооч+ терс манидеги сөз. Сүйлөмдөгү оң маанини күчөтөт [9; 57-66-б.].

Стандарттуу англис тилинде кош тануу мүмкүн, эгер эки терс сөз толук мааниде колдонулса жана белгиленсе. You have no reason not to trust me. Стандарттуу англис тилинде кош тануу бекитилет. Бирок бул бекитүү ар дайым эле туура боло бербейт. Көп учурда тануу даана жана экспресивдүү. Мисалы: сулуулук салыштырыла турган сүйлөмдө She is not unbeautiful. Бул сүйлөмдө көрүнүп тургандай, кош тануу сүйлөмдүн маанисин өзгөртүп койду. Ал сулуу эмес дегенде, анын жаман эмес экендигин билдирет. Анын жаман эмес экендигин айтуунун өзү ал кыздын пайдасына айтылып жатат [10, 160-б.].

Кош тануу жөнөкөй кептин негизин сүрөттөйт. Бирок бул эч кандай талдоо алып жүрүүчүнүн сабатсыздыгы жөнүндө сөз болбойт. Бул жөнөкөй баш тартуу Экспрессивдүү баш тартуу белгисиз кетпешине ишенген сүйлөөчүнүн өзүнө ишенгиси келгендигин билдирет. Субстандарттуу тилде бир нече баш тартуу кездешет.

Англис тилинин грамматикасында аз эмес орунду баш тартуунун орду ээлейт. Тануу тилдеги башка көрүнүштөр сыяктуу эле пайдалануу шартына жана тануунун колдонуу жагдайына таасир эте турган тилдик өзгөрүүлөргө учурайт. Өз жумушубузда биз тануунун куралуу конструкциясына таасир эте турчу тануунун структуралык өзгөчөлүгүнүн таблицасын көрсөттүк.

Лингвисттердин ишин изилдөөдө тануу (баш тартуу) лингвисттик көркөм чыгармасында терең сиңирилген. Бирок ошентсе да көптөгөн суроолор чечилбей жатат. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, англис тилиндеги тануу сүйлөмдөрдө негативдүү. Ал бир гана тануунун грамматикалык көрсөткүчүндө колдонулат.

Тануу экспресивдүүлүк менен сүрөттөлөт. Сүйлөмдөгү тартуу конструкциясы эмоциялдуу билдирүү менен коштолот.

Теоретикалык талдоо булактары кийинки корутундууларды чыгарууга жол берди:

1. Тануунү билдирүүчү ар кандай каражаттар бар.

2. Англис тилинин грамматикасында тануунун конкреттүү мүнөздөмөсү бар.

3. Тануу катышкан түрткү берген сүйлөмдөр эмоционалдуу.

4. Тануу ар дайым сөзүн бир деңгээлде алып жүрөт.

Практикалык изилдөөнүн жыйынтыгында 1 курсттук иштин экинчи бөлүгүн кийинки түшүнүккө келебиз:

1. Практикалык изилдөө тануу бир канча структурага өзгөчө ээ экендигин көрсөттү.

2. Тануу психологиялык мүнөзгө ээ.

3. Практикалык изилдөөлөр биздин гипотезаны такстыктады.

4. Тануу формасынын кептеги проценттик көрсөткүчү.

| Адабий стиль | Публицалдык | Официалдыкиштик | Илимий-техникалык |
|---|---|---|---|
| 43% | 18% | 3% | 4% |

Ошентип, биз тануунун көбүнчө адабий тексттик стилдердин колдонулушунда күбөө болдук. Башкача айтканда ойду билдирүүдө күчөтүү жана эмоцияны толук билдирүү максатта.

***Адабияттар***


*1. Долгина Е.А. Краткая грамматика современного английского языка. –М., 2000., 72-75-б.*

*2. Верба Л.Г. Грамматика современного английского языка – Киев, 2001., 41-45-б.*

*3. Галицинская Ю.Б. Грамматика. –М., 2001., 29-31-б.*

*4. Пронев А.И. О некоторых видах отрицательных предложений, 1980., 321-б.*

*5. Беляева М.А. Грамматика английского языка. – М., 1999, 65-70-б.*

*6. Вейхман Г.А. Некоторые новые и менее известные явления в грамматике. –М., 1986, 37-43 -б.*

*7. Бархударов А.С, Штеллинг Д.А. Грамматика английского языка.-М., 1973, 47-52-б.*

*8. Кобрина И.А, Корнеева Е.А, Оссовская М.И, Гузеева К.А. Грамматика английского языка. –М., 1999, 19-23-б.*

*9. Бурлакова В.В. Теоретическая грамматика английского языка. –М., 1983, 57-66-б.*

*10. Арнольд И.В. Стилистика современного английского языка. – М., 1990, 160-б.*